DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557

ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ

ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ

HISTORICAL SCIENCES

Токтогулова Г.Т.

ТИЛ САЯСАТЫНЫН ЭВОЛЮЦИЯСЫ

Токтогулова Г.Т.

ЭВОЛЮЦИЯ ЯЗЫКОВОЙ ПОЛИТИКИ

G.T. Toktogulova

THE EVOLUTION OF LANGUAGE POLICY

УДК:130.2.

Бул макалада тил саясатынын эволюциясына бүгүнкү күндөгү пикирлерге ылайык, илимий анализ берилди. Белгилүү болгондой тил бул дүйнө эли колдонгон, жалпы адамзатты бири-бири менен байланыштырган байланыш куралы. Ар бир элдин, улуттун, этностун өзүнө таандык тили бар. Мына ошол тилдик каражаттын натыйжасында ар бир элдин, улуттун, мамлекеттин салт санаасы, маданияты, адабияты, илимбилими, цивилизациясы, саясаты жана башка ушул сыяктуу багыттары өсүп өнүгөт. Ошондуктан тилди сактоо, өстүрүү, байытуу ар бир элдин, жарандын милдети болуп саналат. Улуттун тили жана жазуусу ошол элдин жашоосу менен тыгыз байланышта.Тилдик фактыларды маданий феномен катары карасак болот, анткени маданияттын өнүгүү динамикасы тил аркылуу өлчөнөт. Улуттук тилдерге таандык материалдардан белгилүү болгондой, ар бир эл өз тили менен дүйнөлүк тилдердин катарын толуктайт. Бул илимий макалада тил саясатынын эволюциясына илимий анализ берилди. Дүйнө элдериндеги тил саясатынын аналогиясы коомчулукка сунушталды. Орус тилин жайылтуу саясаты Кыргызстандын тарыхынын материалдарынын мисалында чечмеленди.

Негизги сөздөр: *тил, саясат, идеология, джадидчилик, мусулманчылык, сабаттуулук, сабатсыздык, агартуучулук, эволюция, улут, этнос, эл, идея, модернизация, ааламдашуу, дүйнө.*

Данная статья посвящена освещению современных подходов на проблему эволюции языковой политики. Показано, что язык является одним из важнейших элементов культуры любого народа, что он является важнейшим фактором сохранения этнического самосознания. Неразрывное единство национального языка и письменности обретает в жизни народа многообразные воплощения. Языковые же факты и феномены культуры не поддаются строгому разграничению, потому что изменения, происходящие в сфере культуры отражаются в языке, языковая эволюции в свою очередь стимулирует ход культурных процессов. На конкретных языковых материалах кыргызского языка показано, что культура представляя собой наивысший семотической уровень принадлежит в равной степени как к миру языка, так и к миру действительной жизни людей. В данной статье даны научный анализ эволюции, языковая политика. Предложены обществом аналогия языковой политики народов мира. Политика распространения русификации анализированы на примере материалов из истории Кыргызстана. Одним из основных вопросов касающихся этой статьи – эволюция языковой политики.

Ключевые слова: *язык, политика, идеология, джадидизм, мусульманства, грамотность, безграмотность, просвещения, эволюция, нация, этнос, народ, идея, модернизация, глобализация, мир.*

This article is devoted to the coverage of modern approaches to the problem of the evolution of language policy. It is shown that language is one of the most important elements of the culture of any nation, that it is the most important factor in preserving ethnic identity. The indissoluble unity of the national language and written language acquires in the life of the people diverse incarnations. Linguistic facts and phenomena of culture do not lend themselves to strict differentiation, because changes in the sphere of culture are reflected in language, linguistic evolution in turn stimulates the course of cultural processes. It is shown on specific language materials of the Kyrgyz language that culture, representing the highest semiotic level, belongs equally to the world of the language, and to the world of people's real life. This article provides the scientific analysis of the evolution of language policy. The society proposed an analogy of the language policy of the peoples of the world. The dissemination policy of Russification is analyzed on the example of materials from the history of Kyrgyzstan. One of the main issues related to this article is the evolution of language policy.

Key words: *language, politics, ideology, Jadidism, Islam, literacy, illiteracy, education, evolution, nation, ethnos, people, idea, modernization, globalization, world.*

DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557

Тил бул дүйнө эли колдонгон, жалпы адамзатты бири-бири менен байланыштырган байланыш куралы. Ар бир элдин, улуттун, этностун өзүнө таандык тили бар. Мына ошол тилдик каражаттын натыйжасында ар бир элдин, улуттун, мамлекеттин салт санаасы, маданияты, адабияты, илим-билими, цивилизациясы, саясаты жана башка ушул сыяктуу багыттары өсүп өнүгөт. Ошондой эле биздин ата-бабаларыбыз болуп саналган көчмөн эл сүйлөгөн тил да дүйнөнү таанып билүү функциясы аткарган [6, 72-б.]. Ошондуктан тилди сактоо, өстүрүү, байытуу ар бир элдин, жарандын милдети болуп саналат. Анткени тил маселеси илимий изилдөөлөрдүн объектиси болуу менен илимий айлампанын объектисине айланып келет. Тил маселесин бир гана филологиялык багыт эмес философиялык, тарыхый аспектилердин да изилдөө объектисине кирет. Тилдин философиялык маанисине токтолгон окмуштуулардын пикирине ылайык, “Тил – адамдардын ортосундагы карым-катнаштардын негизги куралы болуп эсептелет. Социалдык формадагы болмуш кумурскалардан баштап ири жаныбарлар менен деңиз-мухит жандыктарына чейин таралган касиет. Ар бир биологиялык түр өзүнүн инстинкт аркылуу катнаш жасай турган каражаттарга ээ болгону менен, сөз байлыгы, вербалдык экспрессия, поэтика, сөз эстетикасы, сезим бийиктиктери сыяктуу нерселерге ээ эмес.

Тилдин негизги социалдык функциясы - түшүнүү, түшүндүрүү, өз ара мамилелерди өркүндөтүү, коомдук түзүлүштү аныктоо болуу; менен, кишилердин ортосундагы коммуникациялык башкы каражат болуп кызмат өтөйт” [1, 20-б.] деген орчундуу ойду ортого салышат. Ал эми тарыхый аспектиде илимий изилдөөгө алган тарых илимдеринин доктору О.Л. Сумароковонун пикирин сунуштай кетсем: “Тил, бир этникалык коомдун туруктуу өнүгүшүн камсыз кылган, маданий жана байланыш жол-жоболорун оптималдаштырган, жана түйүндүү факторлордун бири болуп саналган улуттук коопсуздукту, этностор аралык маданиятты жөнгө салуу максатын ишке ашырган, өзүнө көлөмдүү функционалдык жана ролдук жүктөмдөрдү арткан, татаал коомдук-саясий феномен” [2, 6-б.] дейт.

Чынында жогорудагы окмуштуулар белгилегендей тил ар тараптуу жогорку маанаге ээ. Өз мезгилинин билимдүү адамдарынын катарын толуктаган М. Кашкари да өз чыгармасында “мен өзүм алардын тили өткүр чеченинен” – деп тилдин маанисин баса белгилеген жайы бар [7, 193-б.]. Алардын ичинен саясий маанисине токтоло кетсем, коомдо тил маселесинин айланасында мамлекеттин ичинде жана мамлекеттер аралык ар кандай мамилелер көтөрүлүп келет. Ошондой эле тилдик үстөмдүктү орнотуу жаатында бир катар чыр-чатактуу көрүнүштөр катталгандыгын тарых тастыктайт. Маселен, Норвегиядагы тилдик маселенин айланасындагы конфликтүү көрүнүштөр. Ошондуктан дүйнөлүк коомчулукта “тил саясатын жүргүзүү” маселеси көтөрүлүп, бир катар иш-чаралар көрүлгөндүгү белгилүү.

Тактап айтсам, О.Л. Сумарокова “тилди пландаштыруу терминин алгачкылардан болуп 1959-жылы америкалык лингвист Эйнар Хауген өз эмгегинде колдонгондугун [2, 7-б.], ал эми тил саясаты илимий айлампага XX кылымдын 20-30-жылдары киргизилгендигин [2, 8-б.] өз эмгегинде белгилеген”. Анткени, тил саясатынын таасирдүүлүгү кээ бир улуттардын активдешүүсүнө же тескерисинче пассивдешүүсүнө алып келген. Маселен, дүйнө элдеринин катарын толуктаган Франция боюнча, жүргүзүлгөн социолингвистикалык изилдөөнүн жыйынтыгы көрсөткөндөй өлкөнүн 26 млн жашоочуларынын болгону 11 млн жаран француз тилин билсе, экинчи тил катары 3 млн, ал эми 6 млнуна түшүнүктүү тил катары кызмат кылса, калган 6 млну француз тилин колдонгон эмес [2, 13-б.]. Мындай кырдаал бийлик менен элдин ортосундагы байланышты татаалданкан. Ошого байланыштуу Францияда орто билим алууда милдеттүү түрдө француз тилинде окутуу саясаты ишке ашырылган. Ошондой эле 1830-жылдары Франциянын Алжирди басып алып, 1881-жылы Тунисте, 1912-жылы Мароккодо протекторатын орноткон соң француз тилин киргизүү саясаты жүргүзүлүп, Марокко жана Тунисте француз тили официалдуу тил деп жарыяланган. Мындай көрүнүштүн мисалы катары Алжирди да кошо кетүүгө болот.

Тил саясаты колго алынган өлкөлөрдүн катарын XIX кылымдагы Англия толуктап, ирланд жана валий тилдерине тыюу салынган. Ошондой эле Индиянын тарыхы Англия менен кошо жаралган деген тарыхый факт да бекер айтылган эмес. Анткени Индия бир мезгилде Англиянын колониясына айланып, Англия тил саясатын жайылтуу үчүн кеңири мүмкүнчүлүккө ээ болгон. Сөзүбүз далилдүү болуу үчүн 1833-жылы 30-апрелде кабыл алынган Индияны башка-

DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557

руу жөнүндөгү АКТыда билим берүүгө жылына 100 миң фунт стерлинг бөлүнгөн [2, 17-б.]. Мындай каржылоонун натыйжасы жергиликтүү тилде окутуучу мектептердин санынын кескин азаюусуна алып келген.

Демократиялык идеяларды алып жүргөн, жайылткан мамлекеттердин бири АКШда англис тилин жайылтуу аракеттери XVIII кылымдарда башталгандыгы бир катар тарых беттеринен кездешет. Англис тилине өткөрүү процесси тездегендиктен кээ бир жарандарда тилди түшүнбөөчүлүктүн натыйжасында АКШда көптөгөн менчик ээлери өз менчиктеринен айрылгандыктары жөнүндө да тарыхый фактылар кездешет [3, 82-б.]. Мындай маалыматтарга ылайык, XIX кылымдын 80-жылдарындагы америкадагы индеец уруулары тездик менен окутулуучу мектеп-интернаттарга балдарын окутушкан жана тилинде сүйлөөгө да тыюу салынган. АКШдагы тил саясатынын кескин коюулушу бир катар майда этностордун тилинин жок болуусуна алып келген.

Дүйнөдөгү ири мамлекеттердин бири болуп саналган Россиянын тил саясатына токтолсок, улуттук орус тилинин жайылуусун колго алуусу XVIII кылымдан башталгандыгы белгилүү. Ушул мезгилдер аралыгындабашка Европа тилдерин билүү да билимдүүлөргө таандык спецификалык өзгөчөлүк болуп эсептелген. Ал эми орус тилин башка улуттарга жайылтуунун чоң максаттары болгон. Ушундай саясатка туш болгон өлкөлөрдүн бири катары Кыргызстанды алсак болот. Тарых беттеринен белгилүү болгондой, XIX кылымдарда Россия империясынын тышкы саясаты Орто Азияга багыт алган. Ошол доордо Туркестан крайы деп аталган аймактын курамын Кыргызстан да толуктаган. XIX кылымдын экинчи жарымында Россия империясынын территориялык-аймактык кеңейүүсү өзүнүн апогейине жеткен. Тактап айтканда, Кокон хандыгы кулап түндүк жана түштүк Кыргызстан Россиянын курамына кошулган. Демек, тил саясатын ишке ашыруу мүмкүндүгү жаралган. Россиянын курамына кошулуу менен эле бирге орус тилин жайылтуу оңой-олтоң ишке ашкан эмес. Орусташтыруу мезгилине чейин элдин канына сиңген өздүк менталитети, ислам идеологиясынын күчтүү жана карама-каршылыктуу таасирлери, буддизм багытынын таасирлери, чоң жана майда этностук карама-каршылыктар болгон. Маселен, Туркестан крайынын генерал-губернатору К.П. фон Кауфмандын пикирине ылайык, кыргыз айылдарында жашаган татар этносторундагы ислам идеологиясынын күчтүү таасирлердин болгондугу. Татар молдолору үчүн орус тилин жайылтууга караганда, мусулманчылыктын идеологиясы пайдалуу экендигин, ошондуктан татарлар түздөн-түз каршы пикирде экендигин [4, 12-б.] билдирген. Тарыхый маалыматтарга таянсак, бул доордогу кат сабаты жоюлган сабаттуу адамдардын көпчүлүгү араб тамгасын таанышып, араб тилинде жазышып, жадидчилик мектери болгон. Негизги билим катары Курандын тестерин окушкан. Ошого карабастан орус өлкөсү тарабынан Туркестан крайынын эл каттоо боюнча статистикалык маалыматтары топтоштурулуп, сабаттуу жана сабатсыздардын саны аныкталган. Мисалы, россиялык изилдөөчү, сүрөтчү, жазуучу Н.Н. Каразин өзүнүн “Путевых заметках художника и писателя о кыргызах” (1904 г.) деген эмгегинде: “сабаттуулар дээрлик жок, эгер бирөө жарым болгон күндө да Курандын биринчи бетинин баш сөзүн гана окуй алат” [5, 55-б.] деп белгилейт. Ушундай эле көрүнүштү чыгыш таануучу, академик В.В. Бартольд өзүнүн кыргыздар жөнүндөгү тарыхый очеркинде: “сабаттуулардын дээрлик жоктугуна токтолуп, Чүй крайы боюнча бир эле жазуучунун бар экендигин” [6, 88-б.] айтат. Мына ушундай жагдай тактап айтканда, бир жагынан массалык сабатсыздыкты жоюу, экинчи жагынан конфессионалдык мектептерди модернизациялоо орус-туземдик мектептердин пайда болуусуна жана орус тилин жайылтууга өбөлгө түзгөн. Тарыхый фактыларга таянсак, Россия империясынын конфессионалдык мектептердин ишмердүүлүгүнө кийлигишүүсү бир канча буйрутмалар, эрежелер, инструкциялар менен бекемделген. 1882-жылы 9-сентябрда орус тилин киргизүүнүн зарылдыгы жөнүндөгү маалымат “Туркестандан кат” деген аталыш менен басмадан чыккан. 1871-жылы Ташкент шаарындагы медреселердин бирин орус үлгүсүнө өткөрүү өтүнүчү келтирилген. Ал үчүн комиссия түзүлүп, котормочулардын башчысы болуп, М.А. Тереньтев дайындалган.

Жыйынтыктап айтканда, мына ушул сыяктуу бир топ иштер колго алынган. Натыйжада орус тилин жайылтуу, орусташтыруу саясаты дээрлик өз максатына жеткен. Бул көрүнүштүн оң таасирлери болуу менен жана терс таасирлери да байкалган. Кыргыз элине терең сиңген орус тил саясатынын активдүүлүгү бүгүнкү күндө да байкалат. Анткени биздин официалдуу ти-

DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557

либиз орус тили.

Бирок, биз башка тилдерди өздөштүрүү менен бирге өзүбүздүн кыргыз тилин өтө терең билишибиз шарт. Анткени, “тил – ар бир улуттун өзгөчөлүгүн, маданиятын, тарыхын жана руханиятын чагылдырган негизги көрсөткүч болуп эсептелет. Тил маданияты – элдин жана коомдун жетишкендиктери, коомдук прогресстеги ар кандай өзгөрүүлөргө, бурулуштарга карата кошумчаларга дуушар болуп турат. Мисалы, башка элдердии таасири астында жаңы сөздөр, жаңыча идеологиялык жаңылыктар тилде сөзсүз орун алат.

Азыр глобалдашкан дүйнөдө улуттук көп тилдердин жоюлуп баратышы адамзаттын негизги проблемаларынын бирине айланды. Экологиялык, моралдык жана экономикалык кризистер менен катар тилдерди сактап, өнүктүрүү да бүткүл дүйнөлүк адамзатты түйшөлдүргөн проблема болуп калды. Азыркы тапта негизине үстөмдүк кылган **5-6** тил өнүгөп, алардан ортосунда көп байыркы улуттук тилдер конкуренцияга чыдай албай жок болуп кетүүдө. Ошондуктан, улут өзүн сактап калыш үчүн эң оболу тилди сактап калышы зарыл дегеп ойлор көп айтыла баштады. Тилдин экзистенциясы, же коомдо кызмат аткарып турушу акыркы кезде зор философиялык проблемага айланып, ар улуттун бар же жок болуп кетүү перспективасын аныктаган руханий-нравалык факторго айланды” [1, 20-б.] деген окмуштуулардын пикири менен ынанууга болот.

Адабияттар:

1. Тогусаков О.А., Жумагулов М.Ж., Байбосунов К.С. Философия. - Бишкек, 2007. - 20-б.
2. Сумарокова О.Л. Эволюция языковой политики Российской империи в Туркестанском крае (по материалам Киргизстана). - Бишкек, 2015. – 264-бет.
3. Скачкова И.И. Идеология английского одноязычия как основа языковой политики США. / Вестник Балтийского Федерального университета им. И.Канта. 2012. - Вып. 2. - С. 82.
4. К.П. фон Кауфман, устроитель Туркестанского края. Личные воспоминания Н.Остроумова (1877-1881 гг.). - Ташкент, 1899. - С.12.
5. Полное собрание сочинений Н.Н. Каразина. У костра. Очерки и рассказы. - СПб., 1905. - С. 55.
6. Токтогулова Г.Т. Көчмөндөрдүн тили. / Республиканский научно-теоретический журнал «Наука новые технологии и инновации Кыргызстана», №4. - Бишкек, 2018. - 72-б.
7. Токтогулова Г.Т. Махмуд Кашкаринин чыгармаларындагы агартуучулук идеялар. / Республиканский научно-теоретический журнал «Наука новые технологии и инновации Кыргызстана», №4. - Бишкек, 2015. - 193-б.

Рецензент: к.и.н., доцент Авазов Э.А.